Устав Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө типтүү жобонун негизинде иштелип чыкты


1. Жалпы жоболор

2. Жалпы билим берүү уюмунун ишин уюштуруу

3. Билим берүү процесси

4. Билим берүү процессинин катышуучулары

5. Жалпы билим берүү уюмун башкаруу

6. Мүлк жана материалдык-финансылык каражаттар

7. Эл аралык кызматташтык

8. Жалпы билим берүү уюмун жоюу жана өзгөртүп уюштуруу


## 1. Жалпы жоболор

Мындан ары Жалпы билим берүү уюму деп аталуучу «К.Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектеби» мекемеси.

«К.Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектеби» мекемесинин юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Ысык–Көл облусу, Ак-Суу району, Тегизчил айылы, Рахмат көч. 45 .

Мекеменин толук фирмалык аталышы:

мамлекеттик тилде: «К.Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектеби» мекемеси

расмий тилде: Учреждение «Средняя общеобразовательная школа имени К.Эшимбекова» .

кыскартылган фирмалык аталышы:

мамлекеттик тилде: «К.Эшимбеков атындагы ж.о.б.б.м.» мекемеси;

расмий тилде: Учреждение «С.о.ш. имени К.Эшимбекова».

мындан ары Жалпы билим берүү уюму

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 токому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюму жөнүндө жобонун негизинде жалпы билим берүү уюму өзүнүн уставын иштеп чыгат.

2. Жалпы билим берүү уюму үзгүлтүксүз билим берүү системасынын негизги бөлүгү болуп саналып, мамлекет тарабынан кепилдик берилген милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч жана жалпы негизги билим алууну, ошондой эле акысыз жалпы орто билим алуу боюнча Кыргыз Республикасынын жарандарынын укугун ишке ашыруу үчүн шарттарды түзөт.

3. Жалпы билим берүү уюмунун иши төмөнкү принциптерге негизделет:

- республиканын бардык жарандарынын сапаттуу билим алуу укуктарына теңдиги;
- гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулуктарынын артыкчылыгы;